**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын**
**2018-жылдын 1-чейрегиндеги абалы тууралуу отчет**

## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2018-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча ИДӨ көлөмү күндөлүк баада 2017-жылдын I чейрегинин тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 1,3 пайызга көбөйүү менен 98,3 млрд сомду түзгөн (2017-жылдын январь-март айларында реалдуу өсүш 7,3 түзгөн). Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде ИДӨнүн номиналдык өсүшү 8,3 пайызды түзгөн (2017-жылдын январь-март айларында 13,7 пайызга көбөйүү байкалган). Мында, ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымды кызмат көрсөтүүлөр жана курулуш секторлору кошкон. Ошол эле учурда «Кумтөр» алтын кен казып алуу ишканасын эске албаганда, ИДӨнүн өсүшү жогору түптөлүп, 2,9 пайызда калыптанган.

**1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы**




2018-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча төлөмдөрдүн суммардык көлөмү өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 44,9 пайызга төмөндөө менен 914,1 млрд сомду түзгөн. Банктык операциялардын өсүш арымынын 49,0 пайызга кыскарышы төлөмдөр көлөмүнүн төмөндөшүнүн негизги факторунан болуп саналат.

**2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн сом)**




Отчеттук мезгил ичинде банктык операциялардын кыйла төмөндөшү банктар аралык төлөмдөр түзүмүндөгү операциялар үлүшүнүн азайышына жана тиешелүүлүгүнө жараша бюджеттик жана бюджеттик эмес уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагынын өсүшүнө алып келген. Ошол эле учурда, төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө банктык операциялар – 87,2 пайызды түзүү менен негизги үлүштү ээлеп, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн үлүшү 8,7 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, активдер жана милдеттенмелери үчүн төлөмдөрү 4,2 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөр түзүмүндө кириш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 54,9 пайызды, чыгыш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 39,2 пайызды, ал эми активдердин жана милдеттенмелердин операциялары боюнча төлөмдөрдүн – 5,9 пайызды түзгөн.

**3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы**



2018-жылдын 1-чейреги үчүн бюджеттик уюмдардын төлөмдөр көлөмү өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 19,7 пайызга көбөйүү менен 79,0 млрд сомду түзгөн. Мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлеринин өсүшү отчеттук чейрек ичинде бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн көбөйүшүнө себеп болгон. Мында, мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешеси 2017-жылдын 1-чейрегиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 4,4 пайызга же 1,4 млрд сомго көбөйүү менен 32,4 млрд сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасы, 2017-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 1,6 пайызга же 0,5 млрд сомго төмөндөө менен 31,3 млрд сом чегинде катталган. Банктар аралык төлөм системасы аркылуу ишке ашырылган, мамлекеттик бюджеттен чыгыш төлөмдөрдүн көлөмү өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 18,7 пайызга көбөйгөн.

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2018-жылдын 1-чейрегинде 101,3 пайызды түзгөн, бул көрсөткүч 2017-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 1,1 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын 1-чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 100,2 пайызды түзгөн).

1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жылышы

| **Региондордун аталышы** | **Келип түшкөн** *(млн сом)* | | **Берилген** *(млн сом)* | | **Кайтарымдуулук** *(%)* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2017-ж. I чейреги** | **2018-ж. I чейреги** | **2017-ж. I чейреги** | **2018-ж. I чейреги** | **2017-ж. I чейреги** | **2018-ж. I чейреги** |
| Бардыгы | 292 650,39 | 362 619,80 | 292 146,20 | 357 923,90 | 100,17 | 101,31 |
| Бишкек шаары | 134 347,61 | 169 795,60 | 129 804,18 | 162 658,50 | 103,50 | 104,39 |
| Ош шаары | 37 165,20 | 46 948,90 | 37 013,54 | 46 292,50 | 100,41 | 101,42 |
| Чүй областы | 29 600,59 | 36 317,00 | 29 641,50 | 36 213,90 | 99,86 | 100,28 |
| Ысык-Көл областы | 15 704,59 | 18 844,80 | 16 331,56 | 19 518,70 | 96,16 | 96,55 |
| Талас областы | 7 462,80 | 7 699,80 | 8 393,69 | 8 551,40 | 88,91 | 90,04 |
| Нарын областы | 6 211,00 | 8 804,80 | 6 815,01 | 9 483,30 | 91,14 | 92,85 |
| Жалал-Абад областы | 32 156,00 | 38 034,20 | 34 282,59 | 39 343,80 | 93,80 | 96,67 |
| Ош областы | 16 286,50 | 20 583,10 | 16 204,30 | 20 353,40 | 100,51 | 101,13 |
| Баткен областы | 13 716,10 | 15 591,60 | 13 659,84 | 15 508,40 | 100,41 | 100,54 |

2018-жылдын I чейрегинде 2017-жылдын I чейрегине салыштырмалуу, республиканын бардык аймактары боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугунун өсүшү төмөнкү областтар боюнча катталган:

- Бишкек шаары боюнча – 0,9 пайызга;
- Ош шаары боюнча – 1,0 пайызга;
- Чүй областы боюнча – 0,4 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 0,3 пайызга;
- Талас областы боюнча – 1,1 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 1,7 пайызга;
- Ош областы боюнча – 0,6 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча – 2,9 пайызга;
- Баткен областы боюнча – 0,1 пайызга.




**4-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (пайыздарда)**

2018-жылдын I чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча 104,4 пайызды жана Ош шаарында 101,4 пайызды түзгөн. Ош областы боюнча нак акча кайтарымдуулугу 101,1 пайызды түзүп, Талас областы боюнча 90,0 пайыз деңгээлинде кыйла төмөн көрсөткүч катталган.

Коммерциялык банктардын кассаларына 2018-жылдын 1-чейрегинде келип түшкөн нак акчанын суммасы 362 619,8 млн сомду түзгөн, ал эми 2017-жылдын ушул эле чейрегине салыштырмалуу 23,9 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча келип түшкөн нак акча суммалары төмөндө көрсөтүлгөн:

• коммерциялык банктардын филиалдарынан, аманат кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 159 248,0 млн сом келип түшкөн, 2017-жылдын 1-чейрегине салыштырмалуу 28,5 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын 1-чейрегинде – 123 973,4 млн сом);

• товарларды сатуудан – 17 160,6 млн сом, 14,8 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын 1-чейрегинде – 14 951,3 млн сом);

• банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 43 908,2 млн сом, 24,4 пайызга жогорулаган (2017-жылдын 1-чейрегинде – 35 292,9 млн сом);

• локалдык акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн – 23 818,2 млн сом, 23,4 пайызга жогорулаган (2017-жылдын 1-чейрегинде – 19 299,7 млн сом);

• аткарылган иштерден жана кызмат көрсөтүүдөн – 29 113,8 млн сом, 25,8 пайызга жогорулаган (2017-жылдын 1-чейрегинде – 23 134,2 млн сом);

• чет өлкө валютасын сатуудан – 24 033,7 млн сом, 30,6 пайызга жогорулаган (2017-жылдын 1-чейрегинде - 18 397,5 млн сом).

**5-график. 2017-жылдын 1-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**6-график. 2018-жылдын 1-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2018-жылдын 1-чейрегинде 357 923,9 млн сомду түзүп, 2017-жылдын 1-чейрегине салыштырмалуу 22,5 пайызга көбөйгөн.

2018-жылдын 1-чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

• коммерциялык банктардын филиалдарына, аманат кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 155 980,1 млн сом берилип, көбөйүү 29,4 пайызды түзгөн (2017-жылдын 1-чейрегинде – 120 526,8 млн сом);

• кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөлөр – 16 878,7 млн сом берилип, көбөйүү 34,5 пайызды түзгөн (2017-жылдын 1-чейрегинде – 12 545,9 млн сом);

• банкоматтарга акча жүктөө үчүн – 64 166,0 млн сом берилип, көбөйүү 25,2 пайызды түзгөн (2017-жылдын 1-чейрегинде – 51 231,1 млн сом);

• локалдык акча которууларды төлөөгө – 22 176,5 млн сом берилип, көбөйүү 19,9 пайызды түзгөн (2017-жылдын 1-чейрегинде – 18 496,4 млн сом);

• товарлар үчүн төлөөгө – 2 703,3 млн сом берилип, көбөйүү 20,5 пайызды түзгөн (2017-жылдын 1-чейрегинде – 2 243,1 млн сом);

• чет өлкө валютасын сатып алууга – 36 829,6 млн сом берилип, көбөйүү 21,7 пайызды түзгөн (2017-жылдын 1-чейрегинде – 30 259,2 млн сом).

• эмгек акыларды төлөөгө – 876,7 млн сом берилип, төмөндөө 67,2 пайызды түзгөн (2017-жылдын 1-чейрегинде 2 670,2 млн сом берилген).

**7-график. 2017-жылдын 1-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**8-график. 2018-жылдын 1-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

### 3.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы

2018-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү **41 969,6 млн сомду** түзгөн:

– өткөн чейрекке салыштырганда 24,8 пайызга азайган;
– өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 19,0 пайызга көбөйгөн.

2018-жылдын 1-чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны **2 097 179** төлөмдү түзүп:

– өткөн чейрекке салыштырганда 2,3 пайызга көбөйгөн;
– өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 9,9 пайызга көбөйгөн.

**9-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**




### 3.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары - эсептешүүлөрдүн гросстук системасы )

2018-жылдын 1-чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **872 138,9 млн сомду** түзгөн:

– өткөн чейрекке салыштырганда 5,7 пайызга көбөйгөн;
– өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 46,3 пайызга азайган.

Бардыгы болуп, эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2018-жылдын 1-чейреги ичинде **97 978 төлөм** өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

– өткөн чейрекке салыштырганда 14,0 пайызга азайган;
– өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 19,9 пайызга көбөйгөн .

**10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**




2-таблица. Клиринг жана гросс төлөмдөрүнүн саны жана көлөмү

| Мезгил | Клиринг | | Гросс | | Бардыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2017-ж. 1-ч | 1 908 263 | 35259,9 | 81 747 | 1 623 962,9 | 1 990 010 | 1 659 222,8 |
| 2017-ж. 2-ч | 2 028 263 | 45408,6 | 89 032 | 1 300 087,9 | 2 117 295 | 1 345 496,5 |
| 2017-ж. 3-ч | 2 344 171 | 49051,0 | 95 993 | 1 002 959,8 | 2 440 164 | 1 052 010,8 |
| 2017-ж. 4-ч | 2 050 321 | 55 806,2 | 113 934 | 824 982,8 | 2 164 255 | 880 789,0 |
| 2018-ж. 1-ч | 2 097 179 | 41 969,6 | 97 978 | 872 138,9 | 2 195 157 | 914 108,5 |

### 3.3. Банктык төлөм карттар рыногу[1]

2018-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү иш алып барып жаткан бардык коммерциялык банктар сунуштаган, анын ичинен 16 банк эл аралык төлөм системасынын жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 25 банк карттардын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

### 1) *Банктык төлөм карттар эмиссиясы*

2018-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны **2 143,8** миң картты түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 1,4 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда карттардын саны 27,0 пайызга өскөн.

Төлөм карттарынын бөлүштүрүлүшү түрлөрү боюнча төмөнкүдөй калыптанган:

- **Эл аралык системалар** **1 162 117 (54,2%):**
  - «Visa» 584 426 (27,3%);
  - «Master Card» 13 090 (0,6%);
  - «Золотая корона» (Россия) 553 410 (25,8%);
  - «Union Pay International» 11 191 (0,5%).
- **«Элкарт» улуттук системасы** **981 662 (45,8%):**
  - «Элкарт» 966 893 (45,1%);
  - «Элкарт-UPI» 14 769 (0,7%).

3-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм карттарынын рыногунун өнүгүү көрсөткүчү

| Көрсөткүчтөр | 2017-ж. 1-чейреги | 2017-ж. 4-чейреги | 2018-ж. 1-чейреги | 2018-жылдын 1-чейреги үчүн өсүш арым % | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2017-ж. 1-ч. | 2017-ж. 4-ч. |
| Чыгарылган төлөм карттарынын саны (миң бирдик) | 1 675,7 | 1 984,2 | 2 143,8 | 27,9 | 8,0 |
| Миң киши башына чыгарылган төлөм карттарынын саны (эмгекке жарамдуу жана пенсиялык курак) | 422,0 | 494,0 | 518,0 | 22,7 | 4,9 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны (млн тран.) | 5,0 | 8,8 | 8,0 | 60,0 | -9,1 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү (млн сом) | 25 212,6 | 46 977,3 | 41 058,5 | 62,8 | -12,6 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган нак эмес операциялардын көлөмүнүн ИДӨгө карата катышы (%) | 5,1 | 9,5 | 8,3 | 62,8 | -12,6 |



11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны



12-график. 2018-ж. 1-апрелине карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны

4-таблица. Областтар жана системалар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын саны

| Региондун аталышы | Visa | MasterCard | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Жалпы (миң бир.) | Доля (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 415 764 | 8 622 | 150 325 | 276 430 | 7 764 | 5 789 | 864 694 | 40,3 |
| Чүй областы | 23 183 | 1 124 | 61 603 | 97 093 | 1 418 | 766 | 185 187 | 8,6 |
| Ысык-Көл областы | 24 663 | 686 | 48 104 | 83 301 | 425 | 2 168 | 159 347 | 7,4 |
| Нарын областы | 8 062 | 230 | 37 759 | 61 855 | 0 | 138 | 108 044 | 5,0 |
| Талас областы | 12 258 | 61 | 18 741 | 38 195 | 565 | 1 141 | 70 961 | 3,3 |
| Жалал-Абад областы | 31 658 | 1 044 | 101 167 | 153 265 | 485 | 1 423 | 289 042 | 13,5 |
| Ош областы | 56 501 | 1 093 | 99 838 | 185 755 | 408 | 2 082 | 345 677 | 16,1 |
| Баткен областы | 12 337 | 230 | 35 873 | 70 999 | 126 | 1 262 | 120 827 | 5,6 |
| **Баардыгы** | **584 426** | **13 090** | **553 410** | **966 893** | **11 191** | **14 769** | **2 143 779** | **100** |

Бишкек шаары коммерциалык банктардын филиалдарынын/аманат кассаларынын, финансы ресурстарынын ж.б. концентрацияланышы жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн, мындан улам төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу абдан өнүккөн. 2018-жылдын 1-чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн үлүшү 59,03 пайызды ээлеген. Көлөмү боюнча төмөнкү көрсөткүчкө 2,32 пайызы менен Талас областы ээ болгон.

**13-график. 2018-ж. 1-чейреги үчүн областтар боюнча картты колдонуу аркылуу операциялардын көлөмү жана саны (миң сом)**




2018-жылдын 1-апрелине карата картты колдонуу аркылуу эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардын эсебинде депозиттик база калдыгынын көлөмү 21,8 млрд сомду түзгөн. Мында, өткөн чейректегиге салыштырмалуу 6,04 пайызга көбөйүү байкалган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 18,37 пайызды түзгөн, бул банк кардарларынын санынын жана ага ишенип жаткан акча каражаттардын көлөмүнүн бара-бара көбөйүүсүн тастыктайт.

**14-график. Коммерциялык банктардын карт-эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын динамикасы (млрд сом)**




***2) Банктык төлөм карттар эквайринги***

2018-жылдын 1-чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бардык аймактарында орнотулган 1 459 банкоматта жана 8 684 терминалда тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 10,6 пайызды же 140 банкоматты, ал эми терминалдардын – 17,6 пайызды же 1 301 терминалды түзгөн). Анын ичинен иштеп жаткан терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча бөлүштүргөндө төмөнкүдөй катталган:

- Visa жана MasterCard эл аралык системалары боюнча 559 банкомат жана 4 080 терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча 416 банкомат жана 2 052 терминал.

**15-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны**




**16-график. Системалар боюнча терминалдардын саны**



5-таблица. Областтар боюнча аралыкта орнотулган жабдуулардын саны

| Региондун аталышы | Банкоматтар | Pos-терминалдар | | Төлөм терминалдар |
|---|---|---|---|---|
| | | соода ишканаларында | банктарда | |
| Бишкек шаары | 642 | 5194 | 521 | 471 |
| Чүй областы | 126 | 629 | 166 | 118 |
| Ысык-Көл областы | 144 | 382 | 181 | 144 |
| Нарын областы | 51 | 46 | 93 | 52 |
| Талас областы | 48 | 46 | 66 | 57 |
| Жалал-Абад областы | 172 | 228 | 261 | 172 |
| Ош областы | 211 | 380 | 355 | 207 |
| Баткен областы | 65 | 25 | 111 | 73 |
| **Бардыгы:** | **1459** | **6930** | **1754** | **1294** |

3) ***Банктык төлөм карттар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы***

2018-жылдын 1-чейрегинде картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү **41 058,5 млн сомду** түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 12,6 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 62,8 пайызга көбөйгөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү 38 600,4 млн сом акча каражаттарын нак акчага айландырууга туура келген, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнө карата 94,0 пайызды түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 13,5 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 63,2 пайызга көбөйгөн. Соода тейлөө ишканаларындагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 2 458,2 млн сомду түзгөн (бул ишке ашырылган бардык операциялардан 6 пайызды ээлейт). Ишке ашырылган операциялардын көлөмү өткөн чейрекке салыштырмалуу 4,8 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 57,7 пайызга көбөйгөн эле.

2018-жылдын 1-чейрегинде картты колдонуу аркылуу **8,0 млн транзакция** ишке ашырылган. Операциялардын саны өткөн чейрекке салыштырганда 9,0 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда операциялардын саны боюнча көрсөткүч 60,0 пайызга өскөн.

Мындан тышкары, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга туура келген – 6 744,0 миң транзакция, бул бардык операциялардын жалпы санына карата 83,7 пайызды түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 10,3 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 58,2 пайызга көбөйгөн.

Соода тейлөө ишканаларында орнотулган терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны 1 310,2 миң транзакцияны түзгөн (бул ишке ашырылган бардык операциялардан 16,3 пайыз). Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 2,6 пайызга көбөйгөн болсо, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 75,6 пайызга өскөн.

6-таблица. Карт боюнча соода-тейлөө ишканаларында нак акчага айландыруу жана төлөө боюнча операциялардын саны жана көлөмү

| **Төлөм карттын түрү** | **2017-ж. 4-чейреги** | | | | **2018-ж. 1-чейреги** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Нак акча алуу** | | **Соода-тейлөө ишканасында төлөө** | | **Нак акча алуу** | | **Соода-тейлөө ишканасында төлөө** | |
| | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** | **Саны** | **Көлөмү (миң сом)** |
| AMEX | 656 | 3 521,3 | 821 | 20572,6 | 725 | 3 625,2 | 672 | 12 167,8 |
| Элкарт | 3 434 558 | 16 625 688,3 | 257 224 | 225456,1 | 3 095 414 | 13 753 046,2 | 286 570 | 472 618,9 |
| Visa | 1 929 468 | 18 136 428,0 | 900 538 | 1891169,9 | 1 837 999 | 16 551 599,4 | 903 316 | 1 795 394,2 |
| Элкарт-UPI | 42 819 | 228 859,0 | 2 092 | 2488,7 | 38 351 | 169 062,3 | 3 759 | 5 164,0 |
| UPI | 44 585 | 389 734,8 | 2 095 | 3013,2 | 38 761 | 323 929,9 | 1 582 | 2 479,2 |
| MasterCard | 135 686 | 1 157 265,4 | 38 684 | 166340,1 | 126 280 | 1 077 536,8 | 44 186 | 136 674,3 |
| Золотая Корона | 1 934 440 | 8 089 632,2 | 75 694 | 37088,2 | 1 606 518 | 6 721 563,8 | 70 127 | 33 668,8 |
| **Баардыгы** | **7 522 212** | **44 631 128,9** | **1 277 148** | **2 346 128,9** | **6 744 048** | **38 600 363,5** | **1 310 212** | **2 458 167,2** |

7-таблица. Карт ээлеринин жигердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү тууралуу маалыматы

| Операциянын түрү | Жүгүртүүдө бир карт боюнча операциялардын орточо көлөмү | | | | | Жүгүртүүдө бир карт боюнча операциялардын орточо саны (бир) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-ж. 1-ч. | 2017-ж. 2-ч. | 2017-ж. 3-ч. | 2017-ж. 4-ч. | 2018-ж. 1-ч. | 2017-ж. 1-ч. | 2017-ж. 2-ч. | 2017-ж. 3-ч. | 2017-ж. 4-ч. | 2018-ж. 1-ч. |
| Нак акчага айландыруу | 14,0 миң сом | 19,1 миң сом | 20,2 миң сом | 23,1 миң сом | 18,0 миң сом | 2,5 | 3,7 | 3,6 | 3,7 | 3,1 |
| Соода-тейлөө ишканасы аркылуу | 920,8 сом | 960,0 сом | 1 073,3 сом | 1 216,5 сом | 1 146,6 сом | 0,4 | 0,5 | 0,5 | 0,7 | 0,6 |

## 3.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр[1]

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу төлөмдөрү SWIFT, «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. ушул сыяктуу системаларды пайдалануу аркылуу ишке ашырылган. Мында банктар көбүнчө чек ара аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын пайдаланышкан.

2018-жылдын 1-чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 12 түрү боюнча жүзөгө ашырылган. Ушул эле жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча кириш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 411,90 млрд сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда 16,94 пайызга азайган (бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 88,39 пайызга көбөйгөн), ал эми чыгыш төлөмдөрүнүн жалпы көлөмү 448,63 млрд сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда 15,68 пайызга азайган (бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 90,19 пайызга көбөйгөн).

## 3.5. Акча которуулар[1]

2018-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча эл аралык жана локалдык системалары аркылуу акча которуулар жүзөгө ашырылган. Акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кириш которуулардын жалпы саны 36,66 млрд сом жалпы суммасында 1 785 903 түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 8,07 жана 24,95 пайызга азаюу жүргөн (бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 12,68 жана 9,77 пайызга көбөйүү жүргөн), ал эми чыгыш которуулардын саны 9,92 млрд сом жалпы суммасында 159 781 түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейректин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 15,46 жана 20,46 пайызга азайган (бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 16,04 жана 18,47 пайызга көбөйүү жүргөн).

Кыргыз Республикасынын аймагында кириш жана чыгыш которуулардын көлөмдөрү боюнча эң чоң салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген, мында кириш которуулардын жалпы көлөмүнөн 46,21 пайызды, ал эми чыгыш которуулардын жалпы көлөмүнөн 60,34 пайызды ээлеген.

**17-график. 2018-жылдын 1-чейреги ичинде областтар боюнча кириш акча которуулардын үлүшү (%)**




**18-график. 2018-жылдын 1-чейреги ичинде областтар боюнча чыгыш акча которуулардын үлүшү (%)**




[1] ***Булагы:*** *коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык отчету*

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

1) ***АКШ долларында акча которуулар***

2018-жылдын 1-чейрегинде кириш которуулардын жалпы саны 134,87 млн АКШ доллар суммасында 212 970 түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 13,28 жана 22,51 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 20,51 жана 7,70 пайызга көбөйүү байкалган). Чыгыш которуулардын саны 77,93 млн АКШ доллар суммасында 65 757 түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 16,36 жана 16,71 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 29,37 жана 34,42 пайызга көбөйгөн).

2) ***Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 3,44 млн евро жалпы суммасында 8 524 кириш которуу жүргүзүлгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 3,43 жана 7,38 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 19,38 жана 26,71 пайызга көбөйгөн). Чыгыш которуулардын саны 2,84 млн евро жалпы суммасында 1 774 түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 27,00 жана 48,97 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 15,05 пайызга көбөйгөн, ал эми которуулардын көлөмү 7,64 пайызга төмөндөгөн).

3) ***Орус рублинде акча которуулар***

2018-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча 22 399,66 млн рубль суммасында 1 526 868 кириш которуулар жүргүзүлгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 6,45 жана 24,86 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 13,24 жана 12,86 пайызга көбөйүү байкалган). Мындан тышкары, 3 586,42 млн рубль суммасында 88 569 чыгыш которуулар ишке ашырылган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 14,87 жана 21,51 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 8,85 жана 6,13 пайызга көбөйгөн).

4) ***Казак теңгесинде акча которуулар***

Отчеттук мезгил ичинде 97,35 млн теңге суммасында 1 757 кириш которуулар ишке ашырылган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 17,82 жана 30,60 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда которуулардын саны 13,23 пайызга азайган, ал эми которуулардын көлөмү 6,49 пайызга көбөйгөн). Чыгыш которуулар 77,00 млн теңге суммасында 643 төлөмдү түзгөн, бул өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 21,49 жана 35,96 пайызга азайган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 28,95 жана 34,92 пайызга азайган).

5) ***Кыргыз сомунда акча которуулар***

2018-жылдын 1-чейреги ичинде 414,36 млн сом суммасында 35 783 кириш которуулар ишке ашырылган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 33,69 жана 49,47 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 29,42 жана 44,70 пайызга азайган). Чыгыш которуулардын саны 74,59 млн сом суммасында 3 037 түзгөн, өткөн чейрекке салыштырганда которуулардын саны 1,59 пайызга азайган, ал эми которуулардын көлөмү 7,61 пайызга көбөйгөн (бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 0,59 жана 2,81 пайызга азайган).

8-таблица. Акча которуу системалары аркылуу акча которуулар

| Акча которуу системалары | | 2017-ж. 1-чейреги | | 2017-ж. 4-чейреги | | 2018-ж. 1-чейреги | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кириш | 74 409 | 1 755,82 | 93 912 | 2 423,42 | 92 460 | 2 216,35 |
| | Чыгыш | 6 922 | 359,03 | 8 341 | 467,58 | 7 854 | 444,61 |
| Анелик | Кириш | 1 510 | 100,66 | 4 | 0,18 | 0 | 0,00 |
| | Чыгыш | 37 | 20,87 | 0 | 0,00 | 0 | 0,00 |
| Contact | Кириш | 46 255 | 956,65 | 50 573 | 1 713,19 | 91 948 | 1 791,24 |
| | Чыгыш | 1 828 | 85,35 | 4 479 | 206,41 | 5 108 | 180,45 |
| Money Gram | Кириш | 19 403 | 625,16 | 23 748 | 879,36 | 19 217 | 698,27 |
| | Чыгыш | 1 887 | 140,80 | 1 736 | 124,38 | 1 694 | 113,31 |
| Лидер | Кириш | 44 501 | 543,88 | 30 601 | 459,92 | 22 112 | 336,00 |
| | Чыгыш | 290 | 5,86 | 470 | 9,36 | 466 | 10,91 |
| Xpress money | Кириш | 117 | 4,99 | 140 | 7,41 | 48 | 2,81 |
| | Чыгыш | 0 | 0,00 | 2 | 0,34 | 0 | 0,00 |
| Юнистрим | Кириш | 254 546 | 5 429,18 | 260 375 | 10 348,35 | 211 167 | 6 232,27 |
| | Чыгыш | 5 698 | 907,14 | 8 173 | 1 267,53 | 5 356 | 795,41 |
| Interexpress | Кириш | 98 | 1,64 | 0 | 0,00 | 0 | 0,00 |
| | Чыгыш | 0 | 0,00 | 0 | 0,00 | 0 | 0,00 |
| БЛИЗКО | Кириш | 810 | 17,91 | 558 | 12,69 | 447 | 9,50 |
| | Чыгыш | 2 | 0,03 | 1 | 0,04 | 3 | 0,09 |
| FASTER | Кириш | 2 583 | 38,96 | 2 654 | 52,40 | 1 969 | 30,97 |
| | Чыгыш | 912 | 25,86 | 822 | 25,17 | 647 | 16,50 |
| Золотая Корона | Кириш | 1 139 073 | 23 863,14 | 1 477 170 | 32 778,61 | 1 343 879 | 25 207,49 |
| | Чыгыш | 119 725 | 6 825,18 | 164 143 | 10 354,92 | 137 905 | 8 336,24 |
| БЭСТ | Кириш | 677 | 8,30 | 263 | 7,55 | 203 | 6,01 |
| | Чыгыш | 0 | 0,00 | 0 | 0,00 | 0 | 0,00 |
| RIA | Кириш | 0 | 0,00 | 667 | 23,07 | 868 | 27,85 |
| | Чыгыш | 0 | 0,00 | 7 | 0,31 | 20 | 0,69 |
| башка системалы | Кириш | 946 | 48,36 | 2 043 | 139,34 | 1 584 | 98,00 |
| | Чыгыш | 395 | 6,55 | 817 | 21,47 | 727 | 25,95 |
| **Баардыгы** | **Кириш** | **1 584 928** | **33 394,65** | **1 942 708** | **48 845,48** | **1 785 902** | **36 656,75** |
| | **Чыгыш** | **137 696** | **8 376,67** | **188 991** | **12 477,51** | **159 780** | **9 924,16** |

### 3.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2018-жылдын 26-апрелине карата абал боюнча 22 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ, анын ичинен 21 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 20 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна каралган.

- 2018-жылдын 16-февралында «Диджитал Пэйментс-К» ЖЧКсы төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна (бир) лицензия алган.
- 2018-жылдын 20-апрелинде «Барс Мани» ЖЧКсы төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна (эки) лицензия алган.

2018-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 7,2 млрд сом жалпы суммасына 41,4 транзакция ишке ашырылган.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 3,1 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 42 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 37,1 млн төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынан 90 пайыз). Кызмат көрсөтүүлөрдүн/товарлардын мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына келтирилген төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга, салыктык жыйымдарга, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 1,3 млрд сомду түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 18 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 1,6 млн түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 4 пайызы).

9-таблица. Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөм түрү | Саны, бир. | Үлүшү, % | Көлөмү, миң сом | Үлүшү, % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланыш | 37 081 268 | 89,56 | 3 058 925,21 | 42,47 |
| 2 | Катталган телефон байланышы | 72 871 | 0,18 | 16 209,37 | 0,23 |
| 3 | Интернет | 292 866 | 0,71 | 230 462,04 | 3,20 |
| 4 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 394 673 | 3,37 | 1 179 840,11 | 16,38 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 44 898 | 0,11 | 30 500,00 | 0,42 |
| 6 | Айыптык төлөмдөр (ДПС) | 19 271 | 0,05 | 9 077,66 | 0,13 |
| 7 | Мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр | 128 682 | 0,31 | 52 274,73 | 0,73 |
| 8 | Банктык эсепти толуктоо | 80 357 | 0,19 | 241 741,76 | 3,36 |
| 9 | Финансы-кредит мекемесинин кредити үчүн төлөө | 100 142 | 0,24 | 430 769,67 | 5,98 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 12 319 | 0,03 | 71 639,23 | 0,99 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 896 896 | 2,17 | 1 321 804,25 | 18,35 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 14 953 | 0,04 | 16 174,19 | 0,22 |
| 13 | Социалдык тармактар | 23 836 | 0,06 | 5 450,38 | 0,08 |
| 14 | Интернет оюндары | 91 030 | 0,22 | 32 920,36 | 0,46 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелеринде эсепти толуктоо | 164 938 | 0,40 | 150 308,04 | 2,09 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 758 871 | 1,83 | 53 352,91 | 0,74 |
| 17 | Букмекердик чендер | - | 0,00 | - | 0,00 |
| 18 | Жарнак кызматтары | 51 | 0,00 | 56,95 | 0,00 |
| 19 | Жарыялар | 8 769 | 0,02 | 2 068,14 | 0,03 |
| 20 | Кайрымдуулук | 3 028 | 0,01 | 5 784,37 | 0,08 |
| 21 | Билим | 7 288 | 0,02 | 30 130,97 | 0,42 |
| 22 | Туристтик кыдыруулар | 4 | 0,00 | 37,51 | 0,00 |
| 23 | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу «Тышкы соода чөйрөсүндө «Бирдиктүү терезе» борбору» мамлекеттик ишканасы | - | 0,00 | - | 0,00 |
| 24 | Башка төлөмдөр | 206 111 | 0,50 | 263 796,20 | 3,66 |
| **2018-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгында:** | | **41 403 122** | 100,00 | **7 203 324,02** | 100,00 |







Төлөм уюмдарынын иши өз алдынча тейлөөнүн автоматташтырылган терминалы (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген. 2018-жылдын 1-чейрегинин акырына карата төлөм терминалдарынын саны 4 448, POS-терминалдарынын саны – 244, агенттердин саны – 27 038 түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 3.7. Банктык чекене агенттер

2018-жылдын 1-чейрегинин акырына карата банктык чекене агенттердин саны төмөнкүчө калыптанган:

- 17 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган;
- 194 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган;

Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнө төмөнкүлөр кирет: маалымат технологияларында жана электрондук каражаттарда жана төлөмдөрдү өткөрүү ыкмаларында негизденген төлөм системалары аркылуу үчүнчү жактын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн эсептешүүлөр, акча которуу системасы аркылуу акча которууларды жүзөгө ашыруу; бланктарды берүү-кабыл алуу жана аларды овердрафт кредиттерин тариздөө үчүн банкка берүү; кредиттердин ордун жабуу; банктык эсепти толуктоо; электрондук акчаны жайылтуу/ордун жабуу. Мында, банктык чекене кызмат көрсөтүү агенттерине төмөнкүлөрдү ишке ашырууга тыюу салынат: айкын убакыт ыргагында жүргүзүлгөн мамлекеттик (улуттук) лотереяларды эске албаганда, лотереялык чендерди кабыл алууга; лотереялык билеттер үчүн төлөмдөрдү, квитанцияларды жана лотереяга катышуу укугун тастыктаган башка документтерди кабыл алууга.